Илимий изилдөөчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005-жж.)" деген темада, тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.02. шифри "Ата мекен тарыхы" адистигине ылайык жазылган кандидаттык диссертациялык эмгегине

**Изилдөөчүнүн илимий жетекчиси, тарых илимдеринин доктору, доцент Т. Омурзакованын**

**ПИКИРИ**

Изилдөөчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловна тарабынан изилденген "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү

(1991 – 2005- жж.) " деп аталган диссертациялык тема актуалдуу тема болуп саналат. Анткени XX кылымдын 90-жылдары Кыргыз Республикасынын тарыхында өзгөчө из калтырган тарыхый окуялар менен коштолгон. СССРдин курамындагы 15 союздук республика сыяктуу, Кыргыз Республикасы советтик экономикалык системадан, базар экономикасына өтүү менен эле чектелбестен, Борбордук бийликтен баш тартып, Эгемен мамлекет катары 1991-ж. 31-августта көз карандысыздыгын жарыялап, өлкөнүн өнүгүү тарыхындагы жаңы доорго кадам таштаган.

Республиканын эгемендикке ээ болушу коомдук-саясий системасынын кординалдуу реформаланышы менен шартталган. Конституцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу, мамлекеттик атрибуттарды аныктоо, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарын, жарандык коомду түзүү милдеттери турган.

Ушул таризден алып караганда Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын 1991-жылдары башталган көз карандысыз мамлекеттин пайдубалын түптөп, өлкөбүздүн коомдук – саясий турмушундагы жүргүзүлгөн жаңы демократиялык өнүгүү багытында жаңы коомдук-саясий турмушка өтүү, жаңылануу процесси татаал экономикалык, социалдык жана

саясий кризистер менен коштолуп, иш жүзүндө татаал тарыхый процессти башынан кечирген маселеге сересеп салып, тарыхтын жаңы барактарын ачып, жаңы изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жасаган аракети учур талабы.

Эмгектин максаты жана милдеттери коюлган, практикалык жана теориялык мааниси аныкталган, илимий жаңылыгы аныкталып, негизделген жыйынтыктар жана сунуштар берилген.

Изилдөөчү диссертациянын методологиялык негизин, усулдарын изилдөөдө тарыхыйлуулук, логикалуулук, объективдүүлүк, конкреттүүлүк, плюрализм, альтернативдүүлүк сыяктуу принциптерди колдонгон.

Изилдөөчү 1991-жылдан 2005-жылга чейинки Кыргызстандын саясий өнүгүү тарыхы өлкөнүн эгемендик доорунун тарыхында көз карандысыз өз алдынча мамлекет катары калыптануунун өткөөл мезгили болгондугун белгилеп, өткөөл мезгил мамлекеттин өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген олуттуу катачылыктар менен коштолгондугуна анализ жасап, изилдөөчү 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы саясий кырдаалга комплекстүү тарыхый анализ жасаган.

Ошондой эле 1991-2005-жылдардын аралыгындагы республиканын коомдук-саясий институттарынын калыптанышына жана көп партиялуулуктун коомдук-саясий өнүгүүгө тийгизген таасирине аныктама берген.

Кыргызстанда башкаруунун Президенттик институту киргизилгенден баштап, азыркы күнгө чейин олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун, 1991 – 2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук - саясий турмушуна анализ жүргүзүүдө, саясий режимди аныктоо керектигин белгилеп, Президенттик башкарууну чыңдоо максатында өлкөдө башкаруу формасы бир нече жолу өзгөргөндүгүн белгилеген.

Изилдөөчү 1991 – 2005-жылдарды республикадагы трансформациялануу мезгили катары мүнөздөп, жүргүзүлгөн реформалар башкаруу системасын жана коомдук мамилелерди өзгөртүүгө багытталгандыгына анализ жасаган.

Ошондой эле, Республиканын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсүнө мамлекеттин географиялык жана аймактык жайгашуусу, менталитеттик өзгөчөлүктөр, саясий элитанын иш-аракеттери сыяктуу факторлордун таасири тийгендигин белгилеген.

Өлкөнүн коомдук-саясий институттарынын калыптанышын тарыхый багытта изилдеп, көп партиялуулуктун 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий өнүгүүгө тийгизген таасирин аныктаган.

Жогорудагы айтылгандарга таянып, изилдөөчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын «Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005-жж.)" деген темада, тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.02. шифри “Ата мекен тарыхы” адистигине ылайык жазылган кандидаттык диссертациялык иши Жогорку аттестациялык комиссиянын талабына жооп берет, деп эсептейм жана Диссертациялык кеңешке каттоого кабыл алууга жана коргоого сунуш кылам.

**Тарых илимдеринин доктору,**
**доцент** **Т. О. Омурзакова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ ҮЧҮН
ДЛЯ КОРРЕСПОНДЕНЦИИ